**Окурмандык сабаттуулук боюнча PISAга багытталган тест**

**5-КЛАСС**

**Берилген текстти окуп чыккыла.**

**Гамбургердин тарыхы**

Америка Кошмо Штаттарынын символдорунун бири болгон гамбургер Америкада ойлоп табылган эмес. Анын тамыры Европага барып такалат: балким, тамактын түпкү аты Германиянын Гамбург шаарынын атынан келип чыккан. «Hamburger” деген сөз немис тилинен орус тилине "гамбургдук"деп которулат. Бирок бул тез татымды ойлоп чыгаруу ээлигине жалгыз гана немистер талапкер эмес.

Бургер - бардык континенттердин эң белгилүү тамактардын бири. Бул жөнөкөй жана тоюмдуу тамак: чакан токочтон - экиге бөлүнгөн булочкадан, салат жалбырагынан, жашылчалардан, туздалган бадыраңдан, майонез жана кетчуп кошуп жасалат.

Эң белгилүү жоромол боюнча, гамбургердин мекени - Гамбург шаары. XIX кылымдын башында жергиликтүү соодагер Азияга сапарга барат. Ал көчмөн уруулар этти аттын ээринин астында байлап коюша турганын көргөн. Ат чабыш учурунда ал эки тараптан урунуп жатып, жумшарып калганын байкаган. Германияга кайтканда, ашпозчуга бул оюн айтса, ал ага кызыгып, бышырарда уйдун этин балка менен жумшартып, чапкылап, жалпайтып жасап көрөт. Тамак тез эле белгилүү болуп, "Гамбургдук стейк"деп аталып калат. Андан кийин Германиялык эмигранттар бул тамакты АКШга алып келишкен.

Дагы бир немец жоромолу боюнча гамбургердин түпкү теги улуттук тамак rundstück warm делет. Бышкан эт менен туздалган бадыраңга соус куюлуп, булочкага салынып берилет. Буга куурулган уйдун же бышырылган чочконун этин колдонушкан. Көрүнүшү кудум эле гамбургер! Rundstück warm тамагынын мекени болуп, ошол эле Гамбург эсептелет.

Ал эми Америка гамбургердин келип чыгышын талашып, өзүнүн варианттарын сунуштайт. Висконсин штатынын Сеймур шаарынын тургуну Чарли Нагрин 1885-жылы жарманкеде ортосуна куурулган бир кесим эт, туздалган бадыраң, пияз салынган булочка түрүндөгү тамакты сатканы тууралуу белгилүү окуя бар. Сеймурда немец мигранттары болгон деп айтылат, алардан Нагрин “Гамбургдук стейк” аталышынан 2-сөзүн алып салып гамбургер атын алган. Сеймур музейинде гамбургерге арналган экспонат бар.

Гамбургердин туулган күнү 27-июлда белгиленет. Бул күнү 1900-жылы АКШнын Нью-Хейвен шаарынын Луи Лессинг аттуу тамак-аш билерманы Коннектикут штатында биринчи гамбургерди саткан маанилүү окуянын урматына тандалган. Анын гамбургери - ортосуна бифштекс менен соус жана кичинекей салат жалбырагы салынган булочка болчу.

Кандай айтылса да, гамбургердин XIX кылымдын аягында XX башында ойлонуп табылганы - биз макул боло турган жалгыз нерсе. Анын келип чыгуу тарыхы элдин жолдо тез тамактанууга болгон муктаждыгы менен байланыштуу болгон.

**Текстке берилген тапшырмаларды аткаргыла. Туура жоопторду тегеректеп белгилегиле.**

№1.Текстте кездешкен шаарларды жазгыла.
Жообу: Гамбург, Сеймур, Нью-Хейвен

№2. "Гамбургдун стейкинин" пайда болушуна ким себепкер болгон деп айтылат?
А) Сеймур ашпозчусу	Б) соодагер
В) америкалыктар	Г) Луи Лессинг

№3. Гамбургерди АКШга тараткандар кимдер экени айтылган?
Жообу: Германиялык эмигранттар

№4. Сеймур шаары кайсы өлкөдө жайгашкан?
Жообу: АКШда

№5. Таблицада берилген ырастоолор тексттин маалыматында камтылгандыгын аныктагыла. Ар бир ырастоо үчүн "ооба" же "жок" дегенди белгиле.

| Бул маалымат текстте кездешеби? | Ооба | Жок |
|---|---|---|
| Гамбургердин тарыхы АКШга барып такалат. | | + |
| АКШга гамбургерди эмиграненттар алып барган. | + | |
| Гамбургер биринчи Америкада жасалган. | + | |
| XIX кылымдын башында гамбургер ойлонуп табылган. | | - |
| Германияда гамбургердин туулган күнүн белгилешет. | | - |
| Гамбургер деген сөз Гамбургдук дегенди билдирет. | + | |

№6. Көрүнүшү кудум эле гамбургер! Бул сүйлөмдү кандай түшүнсө болот.
Жообу: Гамбургерге аябай окшош дегенди билдирет.

№7. Гамбургердин туулган күнү эмнеге байланыштуу тандалган?
А) Гамбург соодагери мекенине кайткан күнгө
Б) Нагрин стейк сатып баштаган күнгө
в) Алгачкы гамбургер сатылган күнгө
г) Rundstück warm тамагы жасалган күнгө

№8. Гамбургердин белгилүү болуп кеткени эмнеге байланыштуу болгон?
Жообу: Адамдардын жолдо кетип баратып эле тез тамактануу муктаждыгынын өсүшүнө

№9. Текстте кандай тажрыйба жөнүндө маалымат бар?
Жообу: Соодагердин маалыматын колдонуп көрүү: этти жумшартуу үчүн балка менен жанчуу

№10. Текст эмне жөнүндө?
А) Нагриндин окуясы
Б) Гамбургердин тарыхы
В) Гамбургердин курамы
Г) Гамбурдун туулган күнү

**Окурмандык сабаттуулук (5-класс)**

| 1-тапшырма. Гамбургердин тарыхы (1/10) 01.01.01.05.02 | |
|---|---|
| Тапшырманын мүнөздөмөсү<br>Мазмундук чөйрөсү: Адам жана техникалык прогресс<br>Компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалымат издеп табуу<br>Контекст: билим берүүчү<br>Тексттин тиби: туташ<br>Татаалдык деңгээли: орточо<br>Жооптордун форматы: ачык, кыска жооп берүү<br>Баалоо объектиси: тексттин ар кандай фрагменттеринде жайгашкан маалыматтын бир нече бирдиктерин издеп табуу<br>Максималдык балл:2 балл<br>Текшерүү ыкмасы: компьютердик | |
| Баалоо системасы: | |
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 2 | Гамбург, Сеймур, Нью-Хейвен |
| 1 | 2 шаарды аныктаса |
| 0 | Башка жооп берилсе, же жооп жок болсо. |

| 2-тапшырма. Гамбургердин тарыхы (2/10) 01.01.02.01.05.01 | |
|---|---|
| Тапшырманын мүнөздөмөсү<br>Мазмундук чөйрөсү: Адам жана техникалык прогресс<br>Компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматты бириктирүү жана чечмелөө<br>Контекст: билим берүүчү<br>Тексттин тиби: туташ<br>Татаалдык деңгээли: төмөнкү<br>Жооптордун форматы: Туура жообун тандоо<br>Баалоо объектиси: тексттин 1 фрагментинде берилген маалымат боюнча корутунду чыгаруу<br>Максималдык балл:1 балл<br>Текшерүү ыкмасы: компьютердик | |
| Баалоо системасы: | |
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 1 | Б) соодагер |
| 0 | Башка жооп берилсе, же жооп жок болсо. |
| 3-тапшырма. Гамбургердин тарыхы. (3/10) 01.01.02.01.05.02 | |
| Тапшырманын мүнөздөмөсү<br>Мазмундук чөйрөсү: Адам жана техникалык прогресс<br>Компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматты бириктирүү жана чечмелөө<br>Контекст: билим берүүчү<br>Тексттин тиби: туташ<br>Татаалдык деңгээли: орточо<br>Жооптордун форматы: ачык, кыска жооп берүү<br>Баалоо объектиси: тексттин 1 фрагментинде берилген маалымат боюнча корутунду чыгаруу<br>Максималдык балл:1 балл<br>Текшерүү ыкмасы: эксперттик | |
| Баалоо системасы: | |
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 1 | Германиялык эмигранттар |
| 0 | Башка жооп берилсе, же жооп жок болсо. |

| 4-тапшырма. Гамбургердин тарыхы. (4/10) 01.01.02.01.05.01 | |
|---|---|
| Тапшырманын мүнөздөмөсү<br>Мазмундук чөйрөсү: Адам жана техникалык прогресс.<br>Компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматты бириктирүү жана чечмелөө<br>Контекст: билим берүүчү<br>Тексттин тиби: туташ<br>Татаалдык деңгээли: төмөнкү<br>Жооптордун форматы: ачык, кыска жооп берүү<br>Баалоо объектиси: фактылык маалыматты (сюжетти, окуялардын ырааттуулугун ж.б.) түшүнө билүү<br>Максималдык балл:1 балл<br>Текшерүү ыкмасы: компьютердик | |
| Баалоо системасы: | |
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 1 | АКШда |
| 0 | Башка жооп берилсе, же жооп жок болсо. |

| 5-тапшырма. Гамбургердин тарыхы. (5/10) 01.01.02.01.05.03 | |
|---|---|
| Тапшырманын мүнөздөмөсү<br>Мазмундук чөйрөсү: Адам жана техникалык прогресс.<br>Компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматты бириктирүү жана чечмелөө<br>Контекст: билим берүүчү<br>Тексттин тиби: туташ<br>Татаалдык деңгээли: жогорку<br>Жооптордун форматы: альтернативалуу жооптуу тапшырмалар<br>Баалоо объектиси: окуялардын же ырастоолордун ортосундагы байланыштарды табуу (себеп-натыйжалык байланыштар, аргумент-контрагументтик байланыштар, тезис-мисал, окшоштук-айырмачылык ж.б.)<br>Максималдык балл:3 балл<br>Текшерүү ыкмасы: компьютердик | |
| Баалоо системасы: | |
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 3 | Тандалган жоопКызматы |

| Бул маалымат кездешеби? | Ооба | Жок |
|---|---|---|
| Гамбургердин тарыхы АКШга барып такалат. | | + |
| АКШга гамбургерди эмигранттар алып барган. | + | |
| Гамбургер биринчи Америкада жасалган. | + | |
| XIX кылымдын башында гамбургер ойлонуп табылган. | | - |
| Германияда гамбургердин туулган күнүн белгилешет. | | - |
| Гамбургер деген сөз Гамбургдук дегенди билдирет. | + | |

| | |
|---|---|
| | 5 жана 6 жооп туура берилсе |
| 2 | 4 жана 3 жооп туура берилсе |
| 1 | 2 жообу туура берилсе |
| 0 | Башка жооп берилсе, же жооп жок болсо. |

| 6-тапшырма. Гамбургердин тарыхы. (6/10) 01.01.02.01.05.02 |
|---|
| Тапшырманын мүнөздөмөсү<br>Мазмундук чөйрөсү: Адам жана техникалык прогресс.<br>Компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматты бириктирүү жана чечмелөө<br>Контекст: билим берүүчү   Тексттин тиби: туташ   Татаалдык деңгээли: орточо<br>Жооптордун форматы: туура жообун тандоо<br>Баалоо объектиси: маалыматтарды салыштыруунун негизинде корутунду чыгарууга<br>Максималдык балл:1 балл<br>Текшерүү ыкмасы: эксперттик |

| Баалоо системасы: | |
|---|---|
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 1 | Гамбургерге аябай окшош дегенди билдирет |
| 0 | Башка жооп берилсе, же жооп жок болсо. |

7-тапшырма. Гамбургердин тарыхы. (7/10) 01.01.02.01.05.02

Тапшырманын мүнөздөмөсү

Мазмундук чөйрөсү: Адам жана техникалык прогресс.
Компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматты бириктирүү жана чечмелөө
Контекст: билим берүүчү
Тексттин тиби: туташ
Татаалдык деңгээли: орточо
Жооптордун форматы: Туура жообун тандоо
Баалоо объектиси: окуялардын же ырастоолордун ортосундагы байланыштарды табуу (себеп-натыйжалык байланыштар, аргумент-контрагументтик байланыштар, тезис-мисал, окшоштук-айырмачылык ж.б.)
Максималдык балл:2 балл
Текшерүү ыкмасы: компьютердик

| Баалоо системасы: | |
|---|---|
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 2 | в) Алгачкы гамбургер сатылган күнгө |
| 1 | Жарым-жартылай туура жооп болсо. |
| 0 | Башка жооп берилсе, же жооп жок болсо. |

8-тапшырма. Гамбургердин тарыхы. (8/10) 01.01.04.01.05.03

Тапшырманын мүнөздөмөсү

Мазмундук чөйрөсү: Адам жана техникалык прогресс.
Компетенттүүлүк чөйрөсү: Тексттен алынган маалыматты колдонуу
Контекст: билим берүүчү
Тексттин тиби: туташ
Татаалдык деңгээли: жогорку
Жооптордун форматы: ачык, толук (кенен) жооп берүү
Баалоо объектиси: тексттен алынган маалыматтын негизинде өзүнүн гипотезасын түзүүгө, тексттин маалыматынын негизинде окуяларды, процесстин жүрүшүн, эксперименттин натыйжаларын болжолдоо
Максималдык балл:2 балл
Текшерүү ыкмасы: эксперттик

| Баалоо системасы: | |
|---|---|
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 2 | Адамдардын жолдо кетип баратып эле тез тамактануу муктаждыгынын өсүшүнө |
| 1 | Жарым-жартылай туура жооп болсо. |
| 0 | Башка жооп берилсе, же жооп жок болсо. |

9-тапшырма. Гамбургердин тарыхы. (9/10) 01.01.02.01.05.03

Тапшырманын мүнөздөмөсү

Мазмундук чөйрөсү: Адам жана техникалык прогресс.
Компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматты бириктирүү жана чечмелөө
Контекст: билим берүүчү
Тексттин тиби: туташ
Татаалдык деңгээли: жогорку
Жооптордун форматы: ачык, толук (кенен) жооп берүү
Баалоо объектиси: Тексттин түзүлүшүн маанисин түшүнүү (теманы аныктоо,

| | |
|---|---|
| негизги ой/ идея).<br>Максималдык балл:2 балл<br>Текшерүү ыкмасы: эксперттик | |
| Баалоо системасы: | |
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 2 | Соодагердин маалыматын колдонуп көрүү: этти жумшартуу үчүн балка менен жанчуу |
| 1 | Жарым жартылай туура жооп болсо. |
| 0 | Башка жооп берилсе, же жооп жок болсо. |

| | |
|---|---|
| 10-тапшырма. Гамбургердин тарыхы. (10/10) 01.01.03.01.05.01 | |
| Тапшырманын мүнөздөмөсү<br>Мазмундук чөйрөсү: Адам жана техникалык прогресс.<br>Компетенттүүлүк чөйрөсү: Текстин мазмуну жана формасына баа берүү<br>Контекст: билим берүүчү<br>Тексттин тиби: туташ<br>Татаалдык деңгээли: төмөнкү<br>Жооптордун форматы: Туура жообун тандоо<br>Баалоо объектиси: автордун коммуникативдик ниетин, тексттин максатын түшүнүү<br>Максималдык балл:1 балл<br>Текшерүү ыкмасы: компьютердик | |
| Баалоо системасы: | |
| Балл | Критерийдин мазмуну |
| 1 | Б) Гамбургердин тарыхы |
| 0 | Башка жооп берилсе, же жооп жок болсо. |

**<u>Спецификация</u>**
**Гамбургердин тарыхы**

| | Тапшырманын саны | % менен |
|---|---|---|
| Мазмундук чөйрөсү | | |
| 01.01.01.01.05.02 | 1 | |
| 01.01.02.01.05.01 | 1 | |
| 01.01.02.01.05.02 | 1 | |
| 01.01.02.01.05.01 | 1 | |
| 01.01.02.01.05.03 | 1 | |
| 01.01.02.01.05.02 | 1 | |
| 01.01.02.01.05.02 | 1 | |
| 01.01.04.01.05.03 | 1 | |
| 01.01.02.01.05.03 | 1 | |
| 01.01.03.01.05.03 | 1 | |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| *Компетенттүүлүк чөйрөсү* | | | | | | | | | | | |
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | |
| Маалыматты издеп табуу | + | | | | | | | | | | 10% |
| Маалыматты бириктирүү жана чечмелөө | | + | + | + | + | + | + | | + | | 70% |
| Текстин мазмунуна жана формасына баа берүү | | | | | | | | | | + | 10% |
| Тексттеги маалыматты колдонуу | | | | | | | | + | | | 10% |
| | | | | | | | | | | | *100% (итого)* |
| *Контексти* | | | | | | | | | | | |
| Билим берүүчү | | | | | | | | | | | |
| Тапшырманын татаалдык деңгээли | | | | | | | | | | | |
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | |
| Төмөнкү | | + | | + | | | | | | + | 30% |
| Орточо | + | | + | | | + | + | | | | 40% |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жогорку | | | | | + | | | + | + | | 30% |
| | | | | | | | | | | | *100% (жалпы)* |
| Жооптун форматы | | | | | | | | | | | |
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | |
| Туура жообун табуу тапшырмалары | | + | | | | + | + | | | + | 40% |
| Бир нече туура жообун табуу тапшырмалары | | | | | | | | | | | 0% |
| Кыска жооп берүү | + | | + | + | | | | | | | 30% |
| Кенен (толук) жооп берүү | | | | | | | | | + | + | 20% |
| Альтернативалуу жооптуу тапшырмалар | | | | | + | | | | | | 10% |
| | | | | | | | | | | | *100% (жалпы)* |